| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023-жылдын 28 - сентябры № 29/103**

**Кызыл-Кыя шаарынын Курук-Сай участкасында жайгашкан “Сары-Канды” жоопкерчилиги чектелген коомуна таандык жерди “Дыйкан” базары багытында ачуу жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени талкуулап чыгып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылды 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине, шаардык кеңештин Ишкерлер, өнөр-жай, транспорт, коммуникация жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023–жылдын 7-сентябрындагы №26 протоколуна негиз, шаардын көчөлөрүндө, тротуарларда, борбордук базардын айланасында, айрыкча Асаналиев көчөсүндөгү сатылып жаткан айыл-чарба продукцияларынын артынан тыгындар пайда болуп, бул болсо жарандар үчүн кооптуулук жаратып жатканын эске алып жана бул баш аламандыкты иретке келтирүү максатында Кызыл–Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Кыя шаарынын Курук-Сай участкасында жайгашкан “Сары-Канды” жоопкерчилиги чектелген коомуна таандык жерди “Дыйкан” базары багытында ачуу жөнүндө шаардык кеңештин депутаттарынын сунушу жактырылсын.
2. Шаардын көчөлөрүндө (тротуарларда), айрыкча Асаналиев көчөсүндө жол боюнда, тротуарларда соода кылууга тыюу салынсын. Айыл-чарба продукцияларын жана башка буюмдарды сатуучуларга Курук-Сай участкасында жайгашкан “Сары-Канды” жоопкерчилиги чектелген коомуна таандык жерге ачылып жаткан “Дыйкан” базарында соода жүргүзүү сунушталсын. Жолдун бойлорун, тротуарларды, автотранспорт токтотуу үчүн берилген жерлерди соодадан тазалоо жана сатуучулар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү шаардын мэриясына (А.Маткалыков), ММД (И.Салиев), ШИИБ (К.Абдуллаев), салык инспекциясына (Р.Зулпуев), МАИ (Ш.Айдаров) жүктөлсүн.
3. Белгиленбеген жерлерде соода жүргүзүү эрежелерин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 286, 494 беренелерине таянып сатуучуларга айып пул салуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Баткен облустук бөлүмүнө сунушталсын.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин Ишкерлер, өнөр-жай, транспорт, коммуникация жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Калматов**